# Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө бөлүнгөн республикалык бюджеттин каражаттарынын чыгымдалышы жөнүндө**

**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын**

**финансылык отчету**

# Шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү каржылык камсыз кылуунун укуктук негиздери

- «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы (8-гл.);
- «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы (14-бер.);
- «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (6-гл., 25-бер.)
- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси жана Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарынын тутумуна кирген башка ченемдик укуктук актылар;
- КР БШКнын 2020-жылдын 26-июнундагы № 114 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына, аймактык жана участкалык шайлоо комисияларына республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары боюнча финансылоо, эсеп жүргүзүү жана отчеттуулук тартиби жөнүндө жобо.

## Шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуунун каржылык негиздери

- Шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө шайлоо комиссияларынын чыгымдары жылга жана пландык мезгилге республикалык бюджет жөнүндө КР мыйзамы менен белгиленген республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.
- Шайлоо комиссиялары шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө чыгымдарды Бобордук шайлоо комиссиясы бекиткен чыгашалардын сметасына ылайык ишке ашырат.
- Чыгашалардын сметасы шайлоо процессинин бардык деңгээлинде (БШК, АШК, УШК) шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү үчүн зарыл болгон чыгашалардын бардык топторун пландаштыруу үчүн иштелип чыккан КР ченемдик укуктук актыларында белгиленген нормаларды, коэффициенттерди, лимиттерди, ставкаларды эске алуу менен түзүлөт.

## Шайлоо комиссияларынын сметаларынын каражаттарын чыгымдоонун негизги багыттары

Республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен шайлоо комиссияларынын төмөндөгү чыгымдары каржыланат:

- шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн, БШКнын аппаратынын кызматкерлеринин эмгегине акы жана сый акы төлөөгө, ошондой эле жарандык-укуктук келишимдер боюнча шайлоо комиссияларынын ишине тартылгандарга төлөөгө;
- шайлоолорду, референдумдарды уюштуруу жана өткөрүү боюнча иш-чараларды камсыз кылуу максатында шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн иш сапарларына жана чыгымдарынын ордун толтурууга;
- шайлоо (референдум) болор алдындагы күнү, ошондой эле шайлоо (референдум) күнү мыйзамдарда белгиленген өлчөмдө шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө суткалык төлөөгө;
- шайлоо (референдум) болор алдындагы күнү, ошондой эле шайлоо (референдум) күнү шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө, ишке тартылган жарандарга бир адамга суткалык чыгым өлчөмүндө тамак-аш уюштурууга;

- басылма продукцияларды даярдоого жана басма иштерин жүзөгө ашыруга (ЧУА, окуу жана маалымат материалдары, шайлоо документтери, бюллетендер, бланктар ж. б., алардын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулар үчүн атайын кражаттарды пайдалануу менен);
- шайлоо комиссиялары менен байланышты (телефондук, факсималдык, почта,электрондук) камсыз кылууга, шайлоолорду, референдумдарды даярдоого жана өткөрүүгө байланышкан транспорттук кражаттарга;
- чек араларын, даректерин көрсөтүү менен шайлоо участкаларынын, шайлоо округдарынын тизмелерин, аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларынын курамдарын жарыялоого;
- бардык деңгээлдеги шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн, жарандарды, байкоочуларды жана шайлоо процессинин башка катышуучуларын шайлоо укуктарына, жаңы маалыматтык технологияларга окутууну үзгүлтүксүз жана туруктуу жүргүзүүгө;
- жарандарды, шайлоочуларды (референдумдун катышуучуларын) саясий партиялардын, коомдук бирикмелердин өкүлдөрүн, шайлануучу органдарга талапкерлерди, алардын ишенимдүү адамдарын, байкоочуларды, жалпыга маалымдоо каражаттарынын ж. б./адамдарды укуктук жактан агартууга;
- шайлоолорду, референдумдарды өткөрүүгө, ошондой эле шайлоо комиссияларынын милдеттерин жана ыйгарым укуктарын камсыз кылууга байланышкан транспорттук чыгымдарга, ташып жеткирүүгө жана башка чыгымдарга.

# КР ЖК ШАЙЛООНУ ДАЯРДООГО ЖАНА ӨТКӨРҮҮГӨ ЧЫГАШАЛАР СМЕТАСЫ

ОШК саны-36
ОШК мүчөлөрүнүн саны- 540
УШК мүчөлөрүнүн саны -2493: алардын ичинен чет өлкөлөрдөгүсү-59 (ТИМ)
УШК мүчөлөрүнүн саны - 31050: алардын ичинен чет өлкөлөрдөгүсү -522 (ТИМ)
Ишке тартылган операторлордун саны-2290

ГТП саны – 600
ИИМ кызматкерлери - 4942

| Чыгашалардын аталышы | Бекитилген смета | | | Чыныгы чыгымдар | | | Пайдаланылбаган каражаттардын калдыгы | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **БАРДЫГЫ** | КР БШК | ОШК | **БАРДЫГЫ** | КР БШК | ОШК | **БАРДЫГЫ** | КР БШК | ОШК |
| Эмгек акы | **250 181 500** | 43 625 000 | 206 556 500 | **247 092 878** | 43 190 328 | 203 902 550 | **3 088 622** | 434 672 | 2 653 950 |
| Соцфондго чегерүүлөр | **43 154 700** | 7 525 300 | 35 629 400 | **42 682 422** | 7 450 332 | 35 232 090 | **472 278** | 74 968 | 397 310 |
| Кызматтык чыгууларга чыгашалар | **6 368 600** | 5 480 000 | 888 600 | **4 131 114** | 3 256 214 | 874 900 | **2 237 486** | 2 223 786 | 13 700 |
| Байланыш кызматтарына | **6 705 800** | 6 705 800 | - | **6 567 397** | 6 567 397 | | **138 403** | 138 403 | - |
| Транспорттук чыгашалар | **28 744 500** | 2 500 000 | 26 244 500 | **26 159 687** | 2 495 533 | 23 664 154 | **2 584 813** | 4 467 | 2 580 346 |
| Башка чыгашалар | **171 534 400** | 77 590 600 | 93 943 800 | **157 614 100** | 65 460 834 | 92 153 266 | **13 920 300** | 12 129 766 | 1 790 534 |
| Учурдагы чар. максаттар үчүн предметтерди жана материалдарды сатып алууларга | **32 841 500** | 32 841 500 | - | **26 815 677** | 26 815 677 | | **6 025 823** | 6 025 823 | - |
| Машиналар жана жабдуулар | **35 000 000** | 35 000 000 | - | **31 962 670** | 31 962 670 | | **3 037 330** | 3 037 330 | - |
| **Жыйынтыгы:** | **574 531 000** | 211 268 200 | 363 262 800 | **543 025 945** | 187 198 985 | 355 826 960 | **31 505 055** | 24 069 215 | 7 435 840 |

- Для голосования на избирательных участках, находящихся на территориях иностранных государств ЦИК КР утвердила смету расходов для МИД КР в сумме **- 18 000,0 тыс. сомов.**

## 2021-ж. КР ЖК депутаттарын шайлоого бюджеттик чыгашаларды оптимизациялоо

- КР БШК бардык деңгээлдеги (БШК, АШК/ОШК, УШК) шайлоо процессин даярдоо жана өткөрүү үчүн зарыл болгон чыгашалардын бардык топторун пландаштыруу үчүн иштелип чыккан, КР ЧУА белгиленген нормаларды, коэффициенттерди, лимиттерди, ставкаларды эске алуу менен чыгашалардын сметасын түзөт
- Шайлоолорду даярдоого жана өткөрүүгө бөлүнгөн каражаттарды үнөмдөө максатында, төрагаларды, катчыларды жана идентификациялоо операторлорун кошпогондо УШК мүчөлөрүнүн иштөө мөөнөтү 1 айга кыскартылды (мурда алар 3 айлык мөөнөткө ишке тартылган, ушул кампаниянын мезгилинде 2 айлык мөөнөткө ишке тартылган)
- КР ЖК депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү алкагында КР БШК тарабынан эл аралык өнөктөштөрдүн көмөктөшүүсү менен:
- шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, системалык операторлор, биометрикалык идентификациялоо операторлору, техникалык колдоо топтору, АЭУ адисттери жана операторлору, талапкерлердин жана саясий партиялардын өкүлдөрү, укук коргоо органдарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызматкерлери жана жаштардын өкүлдөрү үчүн окутуучу иш-чараларын өткөрүлдү;
- «Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо» ИИС модулунун программасы иштелип чыкты жана жаңыртылды;
- маалыматтык видеороликтер жана окутуучу роликтер иштелип чыкты;
- УЧА жана эскертме, жыйнак, окуу-усулдук колдонмо, китепчелер, флаерлер, плакаттар (138 000 нускадан ашык) түрүндөгү маалыматтык басылма прордукциялар.

# Республикалык бюджеттин каражаттарынан шайлоону уюштурууну жана өткөрүүнү каржылоонун ачык-айкындыгын камсыз кылуу боюнча чаралар

- Мамлекеттик сатып алууларды өткөрүү менен байланышкан накталай жана накталай эмес эсептешүүлөрдүн деңгээлинин оптималдуу катышын, чыгашалар операцияларынын акча жүгүртүүсүнүн ачык-айкындыгын камсыз кылуу максатында, өткөн жыл менен салыштырганда накталай эмес эсептешүүгө өткөрүлдү, өткөн жылы шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө республикалык бюджеттин чыгашаларынын бардык беренелери аймактык шайлоо комиссияларынын убактылуу казыначылык эсебине каражаттарды которуу жолу менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыначылыгы тарабынан каржылаган, аймактык шайлоо комиссиялары шайлоону, референдумду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде өзүнүн иштерин жана кол алдындагы участкалык шайлоо комиссияларывынын иштерин камсыз кылуу үчүн акча каражаттарын (накталай эсеп боюнча) төлөп берүүнү ишке ашырышкан;
- КР экономикалык коопсуздугун камсыз кылуу, өлкөлүк тобокелчиликке жол бербөө максатында аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү үчүн эмгек акы долбоорунун алкагында «Элкарт» банктык төлөм картын чыгаруу жана тейлөө тартиби боюнча «Айыл Банк» ААК менен (тейлөөнүн баасы, накталай чыгарып берүү үчүн комиссия боюнча шайлоо комиссиясынын ар бир мүчөсү менен жеке келишим түзүүнүн жол-жоболору, КР бүткүл аймагындагы «Айыл Банк» ААКнын филиалдары жана сакттык кассалары ж.б. боюнча маалыматтар боюнча) иш жүргүзүлдү;
- «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесин аткарууда акча каражаттарын пайдалануунун үнөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун камсыз кылуу үчүн КР БШК электрондук мамлекеттик сатып алуу порталында ачык конкурстук сооданы жүргүзүү жолу менен мамлекеттик атып алууларды *борборлоштурулган* түрдө ишке ашырат;
- Бюджеттик классификацияга «Шайлоо системасын өнүктүрүү, анын ичинде жаңы шайлоо технологияларын, каражаттарды ишке киргизүү, шайлоочуларды, шайлоонун жана референдумдун катышуучуларын, аппаратттын кызматкерлерин жана шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн окутуу менен байланышкан чыгашалар» 22153400 элементи боюнча өзгөртүүлөр киригизилди;
- «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына, аймактык жана участкалык шайлоо комисияларына республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары боюнча финансылоо, эсеп жүргүзүү жана отчеттуулук тартиби жөнүндө” Жобо иштелип чыкты;
- «Шайлоо жана референдумду өткөрүү мезгилине Кыргыз Республикасынын аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларынын төрагаларына, катчыларына, мүчөлөрүнө сый акынын өлчөмдөрүн белгилөө жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 26-апрелиндеги № 242 токтомуна ОШК мүчөлөрү үчүн сый акынын өлчөмүн белгилөө жана АШК жана УШК мүчөлөрү үчүн сый акынын өлчөмүн жогорулатуу бөлүгүнө өзгөртүүлөр киригизилди.

**Түшүндүрмө маалымат**

тыс. сом

| Шайлоолор | Шайлоочулардын саны | Шайлоону өткөрүүгө иш жүзүндөгү чыгашалар | 1 шайлоочуга чыгымдар |
|---|---|---|---|
| **2021-жылдын 28-ноябрында** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо | 3703420 / 3619292 | 543 025,9 | 146,62 |

## Шайлоо комиссияларын каржылоонун ачык айкындыгы

Бекитилген чыгашалардын сметасы, ошондой эле шайлоолорду даярдоого жана өткөрүүгө республикалык бюджеттин каражаттарынын чыгымдалышы жөнүндө финансылык отчет милдеттүү түрдө мыйзамда белгиленген мөөнөттө Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына комиссии **(shailoo.gov.kg, финансылык ачык айкындыктын баракчасы shailoo.gov.kg/ru/finansovaya-prozrachnost)** жарыяланат.